DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Эсенаманова Ж.Ж.*

# ПАТРИОТТУУЛУК СОЦИОЛОГИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧ КАТАРЫ

*Эсенаманова Ж.Ж.*

# ПАТРИОТИЗМ КАК СОЦИОЛОГИЧЕСКИЙ ПОКАЗАТЕЛЬ

*J.J. Esenatamanova*

# PATRIOTIZM AS A SOCIOLOGICAL INDICATOR

*УДК: 37.017.4/316*

*Кылымдар бою өзү мекендеген жердеги калктын кызыкчылыгын, биримдигин, өз элинин өткөндөгү тарыхын сыйлоо, жетишкендиктери менен сыймыктануу жана мекенинин өнүгүшүнө салым кошуу патриоттуулук сезиминин анык көрсөткүчү. Бүгүнкү күндө суверендүү мамлекеттүүлүгүн жаңыдан түптөп жаткан постсоветтик өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө патриотизм саясий дискурстун негизги түшүнүктөрүнүн бирине айланды. Анткени патриоттуулукту өстүрүү улуттук жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун өбөлгөсү деген көз караш орун алууда. Бул жагынан алганда көз карандысыздыкка жетишкен 28 жыл аралыгында Кыргызстанда чечилбей келген курч коомдук-экономикалык жана саясий кризистер өлкө атуулдарынын руханий жактан, айрыкча мекенчилдик сезимдеринде кризистик маанайдын курчушуна алып келгендиги байкалат. Макалада автор социологиялык изилдөөнүн негизинде жыйналган маалыматтарга таянып, патриоттуулукту социологиялык көрсөткүч катары талдаган.*

***Негизги сөздөр:*** *Ата Мекен, патриоттулук, иденттүүлүк, улутчулдук, каада-салт, социологиялык көрсөткүч.*

*Уважение вековой истории, интересов и единства своего народа, чувство гордости за его достижения и вклад в развитие своей страны являются явными показателями патриотизма. На сегодняшний день во многих суверенных постсоветских государствах патриотизм превратился в один из основных понятий политического дискурса. Это объясняется тем, что понятие развития патриотизма понимается как предпосылка формирования национальной и гражданской идентичности. Исходя из этого в Кыргызстане, которая является независимой страной на протяжении 28 лет, острые социально-экономические и политические кризисы способствуют обострению духовного настроения граждан страны, особенно чувства патриотизма. Автор статьи, опираясь на материалы, собранные в результате социологического исследования, анализирует патриотизм как социологический показатель.*

***Ключевые слова:*** *Родина, патриотизм, идентичность, национализм, традиция, социологический показатель.*

*The obvious indicators of patriotism are respect for the age-old history, interests and unity of the people, a sense of pride in their achievements and contribution to the development of the homeland. At present in the most of sovereign post-Soviet countries the notion of patriotism has been considered to be one of the basic concepts of political discourse; it may be explained by the fact that the concept of patriotism development has been perceived as a prerequisite for formation of national and civic identity. Therefore, in 28-year-old independent Kyrgyzstan the presence of acute socio-economic and political crises contribute to aggravation of country citizens' spiritual mood, particularly their patriotism awareness. Based on the materials of a sociological research the patriotism has been analyzed as a sociological indicator.*

***Key words:*** *Motherland, patriotism, identity, nationalism, tradition, sociological indicator.*

Акыркы кезде кыргыз коомунда патриоттук аң-сезимдин, Мекенди сүйүүнүн, урматтоонун салттуу дөөлөттөрү улам бошоңдоп, коом мүчөлөрүнүн көз караштарында, жаштарда, өзгөчө мектеп курагындагы балдар арасында, жүрүм-турумунда кайдыгерлик, эгоизм, индивидуализм илдеттери күч алып, мамлекетке жана анын социалдык институттарына карата сый-ызаатсыз мамиле тамыр жая баштаганы анык. Советтик идеологиянын талкаланышынан кийин, Кыргызстандагы көптөгөн баалулуктардын жоголушу, батыштын, араб өлкөсүнүн баалуулуктарынын жаштар арасында үстөмдүк кылуусу актуалдуу көйгөйгө айланып бара жатат. Ошол эле учурда көптөгөн терс жактары калк арасында талкууларды гана жаратпастан карама-каршылыктарды дагы пайда кылууда. Илимий изилдөөлөргө таянсак, баалулуктардын бирден бир маанилүүсү атуулдун мекенге болгон мамилеси, башкача айтканда патриоттулугу.

Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо тутумун өнүктүрүүдөгү эң маанилүү маселелердин

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



бири ушул патриоттуулук феномениин өзүнүн маани-маңызын айкын аныктап, бул түшүнүктүн эволюциясына назар салуу зарылчылыгы келип чыгат. Белгилеп кетүүчү жагдай, «мекен» жана «мекенчилдик» терминдери кыргыз педагогикалык лексиконубузда да бекем орун ала элек. Биздин пикирибизде мекенчилдик тарбия же мекенчилдикке тарбиялоо түшүнүгүнүн илимий-педагогикалык түшүнүк катары колдонулушу нормалдуу кадыресе көрүнүш. Ушундан улам изилдөөбүздө колдонулган илимий булактардын түп нускасындагы патриоттуулукка байланыштуу терминдерди өзүндөй колдонуу зарылчылыгы келип чыкты [1].

"Патриот" сөзүнүн семантикасы адеп-ахлак касиети болгон патриоттуулук түшүнүгүнүн лексикалык мааниси менен аныкталат: «Патриоттуулук – бул ата мекенин сүйүү, өз ата мекенине, элине берилгендик». Бул категориянын философиялык жактан чечмелениши мындай: «Патриотизм (грек. patries - ата журт) – мазмунун Ата Мекенди сүйүүчүлүк, ага берилгендик, анын өткөндөгү жана учурдагы жетишкендиктери менен сыймыктануучулук, Ата Мекендин кызыкчылыктарын коргоого умтулуучулук түзгөн адептик жана саясий принцип, социалдык сезим" [2].

Патриоттуулук – кылымдар бою өзү мекендеген жердеги калктын кызыкчылыгын, биримдигин, өз элинин өткөндөгү тарыхын сыйлоо, жетишкендиктери менен сыймыктануу.Чыныгы патриоттуулуктун негизги милдети – башка элдердин тилин, маданиятын, тарыхын сыйлоо. Патриоттуулук сепаратизм, улутчулдук, шовинизм менен эч качан айкалышпайт. Азыркы коом жана мамлекетте демократиялык реформанын милдеттерин чечүү жана коомду кризистен чыгаруу үчүн бардык патриоттук күчтөрдүн баш кошуусун талап кылууда. Ал улуттук каада-салтты жаңыртып, башка элдер жана өлкөлөр менен карым-катнашты бекемдөөгө жардам берет [3].

Батыштын саясат таануу илимдеринде патриотизмдин конструктивисттик концепциясы иштелип чыккан. Анын алкагында патриотизм мекенге карата табигый жол менен пайда болгон сезим эмес, максаттуу түрдө калыптандырылуучу саясый ишеним экендиги айтылат. Мисалы, англиялык окумуштуу Э. Хобсбаум улуттук патриотизмди улуттук мамлекетти түптөөнүн маанилүү каражаты деп эсептейт. Патриотизм саясый элиталар тарабынан "салттарды ойлоп табуу" аркылуу атайын максат менен конструкцияланат. "Салттар" иретинде автор символдук жана ритуалдык мааниге ээ болгон, ошондой эле негизинен бийлик тарабынан жөнгө салынуучу коомдук практикалардын жыйындысын түшүнгөн [4].

В.А. Сухомлинский «Адам үчүн мекен эң кымбат, эң жаркын нерсе. Мекенсиз адам инсан болбой калат, өзүн өзү жоготот», деп жазган. Анын көз карашы боюнча адам жашоосунун маани-маңызы, активдүү турмуштук позициясынын тиреги Ата мекенди сүйүү болуп саналат: «Адамдын дил өзөгү – Ата журтту сүйүү сезими – бала чактан калыптанат» [5]. Ал эми Н.Д. Никандров патриоттук тарбиянын өзөгүн жаштарды тарбиялоодогу руханийликти, руханий-ыймандык башталыштарды кайра жандандыруу түзүшү керек деп эсептейт [6].

Кыргыз элинин социалдык тарыхына баам салган илим жана искусство ишмерлеринин баары аны жараткан калктын аң-сезиминде "Манас", ата-мекен, эне тил, азаттык, ар-намыс, мекенчилдик, патриоттуулук сыяктуу түшүнүктөр бири-биринен ажырагыс, түгөйлөш дөөлөттөр катары кабылданып келгендигин мурдатан эле белгилеп келишкен. Ал эми кыргыз элинин залкар жазуучусу, академик Ч.Айтматов "Манастын" улуттук аң-сезимге сиңиши эне сүтүнө, эне тилине барабар, аны билбеген адам өз элин, тилин, жерин билбегендик" деп ырастаган.

Изилдөөчү А.Абдымомунованын көз карашы боюнча эпостун мазмунундагы патриоттуулукка тарбиялоо темасынын төмөнкүдөй мазмундук-логикалык аспектилерин бөлүп көрсөтүүгө болот: "Манастын" тереңинде уюп жаткан ата-журт, мекен жөнүндөгү улуу толгоо. Башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпеш үчүн биримдикти бекемдөө, кубаттуу мамлекет куруу, калк арасында коом таламдуу гуманисттик салттарды бекемдөө идеялары [7].

XX кылымдын аягы XXI кылымдын башында Кыргызстанда кезектеги курч коомдук-экономикалык жана саясий кризистер өкүм сүрүп жатканда, руханий кризис, айрыкча мекен-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



чилдик сезимдердин, аң-сезимдин жана жүрүм-турумдун кризиси күч алды. Аскер кызматын өтөөдөн баш тартуу, дезертирлик, аскерде «дедовщиналык» мамилелердин (аскерге жаңы келген жоокерлердин алардан эрте келгендер тарабынан кордолушунун) массалык түрдө жайылышы, жаштар арасында улутчулдук идеологиянын кездешиши – айтылып жаткан кризистин эң анык көрүнүшү. Анын үстүнө ар түрдүү коомдук тайпалар жана коомдук катмарлар, саясатчылар жана мамлекеттик ишкерлер мекенчилдикти өз кызыкчылыгына жараша ар башкача чечмелеп, ар башкача түшүнүп, ар башкача колдонуп жаткандай сезилет [8].

Суверендүү мамлекеттүүлүгүн жаңыдан түптөп жаткан постсоветтик өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө патриотизм саясый дискурстун негизги түшүнүктөрүнүн бирине айланды. Анткени патриоттуулукту өстүрүү улуттук жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун өбөлгөсү деген көз караш орун алууда. Мисалы, Россия Федерациясынын президенти В.Путин 2012-жылы Федералдык жыйынга кайрылуусунда патриотизмди “бириктирүүчү күч” жана улуттук идея катары тариздеген. Бул багыттты турмушка ашырууну көздөгөн мыйзамдар да бар. Алсак, 2015-жылы “Россия жарандарын патриоттуулукка тарбиялоо” аттуу мамлекеттик программа 2016-2020-жылдарга кабыл алынып, ага федералдык бюджеттен 1666556,8 миң рубль каралган [9].

Ушундай нуктагы стратегиялык документтер Кыргыз Республикасында да иштелип чыгып, учурда жүзөгө ашырылган. Алсак, “2013-2017-жылдын мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында” патриоттуулукту (атуулдукту) тарбиялоого олуттуу маани берилген. Ал документте “...мамлекеттик жарандык аң-сезимди калыптандыруу, ар бир инсандын өзүн “кыргыз жараны” экендигин аңдап түшүнүүсү, жарандык атуулдукту тарбиялоо....” орчундуу стратегиялык максаттардын катарында турат. Ошондойт эле 2013-жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясында” жарандык атуулдукту калыптандыруу жарандык иденттүүлүктү курууга жана мамлекеттүүлүктү чыңдоого жагымдуу шарт түзүүчү фактор иретинде тариzделген [10].

Патриоттуулук түшүгү жарандык-мамлекеттик иденттүлүк үчүн аныктоочу фактор. Деги эле кичи социалдык топтордун деңгээлинен жогору коюлган, мамлекеттик даражадагы бирдейликти камсыздоонун марасы – бул жалпыга таандык “Мекен” категориясын жаратуу, аны жалпы жарандардын акыл-эсинен жана жүрөгүнөн түнөк таптыруу [11]. Жогоруда айтылгандардан улам, автор тарабынан ишке ашырылган “Кыргыз Республикасындагы жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери” аттуу социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары мына ушул көйгөйлөрдү чечүүнү көздөйт. Аталган изилдөөнүн негизги максаттарынын бири болуп, өлкө атуулдардын мекенчилдик сезимдерин күчөтүү, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу илимий сунуштарды иштеп чыгуу. Макалада мекенчилдик, патриоттук категорияларынын алкагында изилдөөнүн негизинде алынган маалыматтар чагылдырылды. Изилдөө Кыргызстандын жети областында жана эки чоң шаарында (Бишкек, жана Ош) жүргүзүлдү. Изилдөөгө катышкан респонденттердин саны 1300 кишини түзүү менен негизги демографиялык жана социалдык белгилерин эске алуу менен репрезентативдүүлүктү камтыды.

Аталган изилдөөнүн жүрүшүндө респонденттерге карата *“Кыргызстанды өзүңүздүн мекениңиз деп эсептейсизби”* деп узатылган суроого дээрлик 99% ашыгы *“Кыргызстанды өз мекеним деп эсептейм”* деп жооп беришкен. Бул бийик көрсөткүч респонденттердин улуту жана аймактар боюнча боюнча бир аз өзгөрүүгө дуушар болбосо, негизинен өзүнүн жогорку деңгээлин (90% тегерегинде) сактап калган. *“Кээде өзүмдү мейман катары сезип кетем”* 7,1% көрсөткүчкө ээ болгонун да белгилеп кетүүгө болот. Караңыз: таблица 1.

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Таблица 1*

| КЫРГЫЗСТАНДЫ СИЗ ӨЗҮҢҮЗДҮН МЕКЕНИМ ДЕП ЭСЕПТЕЙСИЗБИ | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Улуту | Көрсөткүчтөр | Жооп жок | Ооба, Кыргызстан менин мекеним деп эсептейм | Кээде өзүмдү мейман катары сезип кетем | Жок, Кыргызстанда мен өзүмдү чоочун адам катары сеземин | Жалпы |
| Улутун көрсөткөн эмес | *Сан менен* | 0 | 30 | 1 | 0 | 31 |
| | *% менен* | 0,0% | 2,3% | 0,1% | 0,0% | 2,4% |
| Кыргыз | *Сан менен* | 6 | 766 | 61 | 10 | 843 |
| | *% менен* | 0,5% | 58,9% | 4,7% | 0,8% | 64,8% |
| Өзбек | *Сан менен* | 2 | 150 | 13 | 2 | 167 |
| | *% менен* | 0,2% | 11,5% | 1,0% | 0,2% | 12,8% |
| Орус | *Сан менен* | 0 | 93 | 9 | 0 | 102 |
| | *% менен* | 0,0% | 7,1% | 0,7% | 0,0% | 7,8% |
| Башка | *Сан менен* | 2 | 146 | 8 | 1 | 157 |
| | *% менен* | 0,2% | 11,2% | 0,6% | 0,1% | 12,1% |
| **Баары** | *Сан менен* | 10 | 1186 | 92 | 13 | 1301 |
| | *% менен* | 0,8% | 91,2% | 7,1% | 1,0% | 100,0% |

Кыргызстандыктардын мекенчилдик түшүнүктөрүнө байланышкан “Сиз үчүн Кыргызстандын мекенчили болуу деген биринчи кезекте эмнени түшүндүрөт?” деген суроо берилип, сунушталган жооптордон өзүнүн көз карашына ылайык үч жоопко чейин белгилөө мүмкүнчүлүгү берилген. Мында алардын көз карашы боюнча алдыңкы үч орунга өз “Өлкөсүн сүйүү” 69,3%, “Өлкөсүнүн өнүгүшүнө өз салымын кошуу” 51,8% жана “Элин сүйүү” 38,1% жооптору чыккан. Андан кийин “Кыргыз тилин билүү” (32,1%), “Кыргыз элинин тарыхын билүү” (32,1%) жоопторун белгилешкен. Караңыз: таблица 2.

*Таблица 2*

| **Сиз үчүн Кыргызстандын мекенчили болуу деген биринчи кезекте эмнени түшүндүрөт? (3 вариантка чейин гана белгилеңиз)** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Улуту** | **Көрсөткүчтөр** | **Улутун көрсөткөн эмес** | **Кыргыз** | **Озбек** | **Орус** | **Башка** | **Баары** |
| Өлкөсүн сүйүү | *Сан менен* | 21 | 575 | 113 | 67 | 116 | 893 |
| | *% менен* | 1,6% | 44,6% | 8,8% | 5,2% | 9% | 69,4% |
| Элин сүйүү | *Сан менен* | 14 | 325 | 57 | 38 | 57 | 492 |
| | *% менен* | 1,1% | 25,2% | 4,4% | 3,0% | 4,4% | 38,2% |
| Өлкөсүнүн өнүгүшүнө өз салымын кошуу | *Сан менен* | 20 | 458 | 75 | 40 | 74 | 668 |
| | *% менен* | 1,6% | 35,6% | 5,8% | 3,1% | 5,8% | 51,9% |
| Кыргыз тилин билүү | *Сан менен* | 8 | 265 | 57 | 34 | 50 | 414 |
| | *% менен* | 0,6% | 20,6% | 4,4% | 2,6% | 3,9% | 32,1% |
| Кыргыз элинин тарыхын билүү | *Сан менен* | 6 | 212 | 46 | 33 | 40 | 337 |
| | *% менен* | 0,5% | 16,5% | 3,6% | 2,6% | 3,1% | 26,2% |
| Кыргыз элинин маданиятын билүү | *Сан менен* | 8 | 141 | 26 | 23 | 22 | 220 |
| | *% менен* | 0,6% | 10,9% | 2,0% | 1,8% | 1,7% | 17,1% |
| Кыргыз элинин маданиятын билүү | *Сан менен* | 3 | 104 | 26 | 16 | 23 | 172 |
| | *% менен* | 0,2% | 8,1% | 2,0% | 1,2% | 1,8% | 13,4% |
| Башка жооп | *Сан менен* | 0 | 4 | 1 | 0 | 1 | 6 |
| | *% менен* | 0,0% | 0,3% | 0,1% | 0,0% | 0,1% | 0,5% |
| **Баары** | *Сан менен* | 31 | 834 | 166 | 100 | 157 | 1289 |
| | *% менен* | 2,4% | 64,8% | 12,9% | 7,8% | 12,2% | 100,0% |

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



Жогорудагы суроону улай сурамжылоого катышкан жарандар арасында *"Эгерде зарыл жагдай түзүлсө, Кыргызстан мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн жеке кызыкчылыктарыңызды курмандыкка чалууга даярсызбы"* жеген суроого *"Жагдайга жараша аракеттенмекмин"* суроосуна карата алынган жооп 47,7% түзүп, *"Ооба даярмын"* 40% караганда басымдуулук кылган. Үчүнчү орунга *"Жок, даяр эмесмин"* жообу алынып, 10,8% түзгөн.

Ал эми бул суроого алынган жоопторду улутуна жараша алып караганда "Ооба, даярмын" жообу кыргыздар арасында басымдуулук кылып, башка этностордо *"Жагдайга жараша аракеттенмекмин"* деген жоопторун көрүүгө болот. Мындай абалды Кыргызстандагы жарандардын өзгөчө башка этностогу элдердин өздөрүн дагы деле өлкөнү мекени катары сезбөөлөрү жана келечегинен күмөндөр экенинен жыйынтык чыгарууга болот. Караңыз: табл. 3.

*Таблица 3*

**Эгерде зарыл жагдай түзүлсө, Кыргызстан мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн жеке кызыкчылыктарыңызды курмандыкка чалууга даярсызбы? (1 гана вариантты белгилеңиз)**

| Улуту | Көрсөткүчтөр | Жооп жок | Ооба даярмын | Жагдайга жараша аракеттенмекмин | Жок даяр эмесмин | Башка жооп жазыныз | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Улутун көрсөтпөгөндөр | *Сан менен* | 0 | 14 | 16 | 1 | 0 | 31 |
| | *% менен* | 0,0% | 1,1% | 1,2% | 0,1% | 0,0% | 2,4% |
| Кыргыз | *Сан менен* | 7 | 321 | 418 | 89 | 8 | 843 |
| | *% менен* | 0,5% | 24,7% | 32,1% | 6,8% | 0,6% | 64,8% |
| Өзбек | *Сан менен* | 0 | 77 | 74 | 16 | 0 | 167 |
| | *% менен* | 0,0% | 5,9% | 5,7% | 1,2% | 0,0% | 12,8% |
| Орус | *Сан менен* | 1 | 36 | 51 | 14 | 0 | 102 |
| | *% менен* | 0,1% | 2,8% | 3,9% | 1,1% | 0,0% | 7,8% |
| Башка | *Сан менен* | 2 | 72 | 62 | 19 | 2 | 157 |
| | *% менен* | 0,2% | 5,5% | 4,8% | 1,5% | 0,2% | 12,1% |
| **Баары** | *Сан менен* | 10 | 520 | 621 | 140 | 10 | 1300 |
| | *% менен* | 0,8% | 40,0% | 47,7% | 10,8% | 0,8% | 100% |

Сурамжылоонун жүрүшүндөгү респонденттерге *"Сиз кыргыз жараны болгонуңуз менен сыймыктанасызбы?"* деген суроого "Сыймыктанам деп айтсам болот» жообу жалпысын жана бардык улуттарга жараша 45,7% көрсөткүч менен алдыңкы орунга чыккан. Андан кийинки орундарда «Сыймыктанам деп айтуу кыйын» 34,9% жана «Сыймыктанам деп толук айта алам» 17% көрсөткүчтөр орун алган. Ошол эле учурда респонденттерге *"Сыймыктануууңуздун негизги себебин көрсөтүңүз? (ар бир графадан 3 вариантка чейин гана белгилеңиз)"* суроо узатылып, анда *"Кыргызстандын кооз жаратылышы"* 61,6%, *"Кыргыз элинин улуттук маданияты"* 36,4% жана үчүнчү орунга *"Кыргыз тили"* 35,0% алдыңкы орунга чыккан. Андан кийинки баскычтарга *"Манас дастаны"* (31,0%), *"Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхы"* (26,0%), *"Көз карандысыздыгына"* (25,7%) жооптору алынган. Ал эми *"Сыймыктанбаганыңыздын негизги себебин көрсөтүңүз? (ар бир графадан 3 вариантка чейин гана белгилеңиз)"* графасын белгилегендердин басымдуу бөлүгү *"Экологиясынын бузулушунан", "Кен байлыгын чет элдиктерге пайда келтирип жаткандыгынан", "Экономикасынын чабалдыгынан жооптору* 44,4% *бирдей* көрсөткүчтөр менен алдыңкы орунга чыккан. Мындан тышкары *"Аш, тойлордогу ашыкча ысырап корчулуктардан"* (40,7%), *"Кыргыз тилинин Кыргызстандагы татыктуу орунду ээлебегендигинен"* (22,2%), *ошондой эле "Манас дастанын элге жеткирүүнүн начардыгынан* (18,5%) *жана "Кыргызстандын учурдагы саясий элитасынын ач көздүгүнөн"* (14,8%) жоопторун да белгилеп кетүү зарыл.

**Корутунду.** Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй бүгүнкү күндө Кыргызстанда жашаган жана этностук ар түрдүүлүгүнө карабастан бардык жарандар Кыргызстанды өзүлөрүнүн мекени катары сезишээри аныкталды. Бирок буга карабастан зарыл жагдай түзүлсө өлкө кызыкчылыгы үчүн өз кызыкчылыктарын курман-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



дыкка чалууга баардыгы эле даяр эмес экендиктери берилген суроо боюнча алынган жагдайга жараша аракеттенишери жообу басымдуулук кылды. Мындай жагдай жарандардын өлкөнүн социалдык-саясый жана экономикалык туруксуздугунан, келечегинен дагы деле күмөн санашкандыктарын айгинелейт.

Буга карабастан өлкө жарандары кыргыз жараны болгондуктары менен сыймыктанышаары изилдөөнүн жыйынтыгында белгилүү болду. Мамлекеттин биримдигин, туруктуулугун камсыз кылуунун маанилүү фактору катары жарандык иденттүүлүктү толук калыптандыруу учурдун талабы. Ал эми жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуу жолу – өлкөбүздөгү этностор аралык биримдикти жана толеранттуулукту чыңдоонун негизинде ишке аша алат.

**Адабияттар:**

1. Жаран кантип иденттешет? - Бишкек, 2016. - 136-б.
2. Жаран кантип иденттешет? - Бишкек, 2016. - 136-б.
3. [Электрондук ресурс]: https://wordsimilarity.com/ky/ (кайрылуу күнү: 14.12.2018)
4. Сыргабаев С.Б. Кыргызстандыктардын патриотизминин социологиялык мүнөздөмөсү: негизги тенденция жана өзгөчөлүктөр. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Известия вузов Кыргызстана», №1. - Бишкек, 2017. - 196-204-бб. http://www.science-journal.kg.
5. Алимбеков А. Мектеп окуучуларынын иденттүүлүк сапаттарын калыптандыруу маселелери [Текст] / Монография: КР жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери (социологиялык изилдөө). - Б., 2014. - 146-б.
6. Алимбеков А. Мектеп окуучуларынын иденттүүлүк сапаттарын калыптандыруу маселелери [Текст] / Монография: Кыргыз Республикасындагы жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери (социологиялык изилдөө). - Бишкек, 2014. - 146-б.
7. Абдымомунова Г.А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды патриотизмге тарбиялоонун айрым маселелери. / Окуу куралы. - Бишкек, 2005. - 111-б.
8. Жаран кантип иденттешет? - Б., Макспринт, 2016, 136-б.
9. Сыргабаев С.Б. Кыргызстандыктардын патриотизминин социологиялык мүнөздөмөсү: негизги тенденция жана өзгөчөлүктөр. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Известия вузов Кыргызстана», №1. - Б., 2017. - 196-204-бб. http://www.science-journal.kg
10. Сыргабаев С.Б. Кыргызстандыктардын патриотизминин социологиялык мүнөздөмөсү: негизги тенденция жана өзгөчөлүктөр. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Известия вузов Кыргызстана», №1. - Б., 2017. - 196-204-бб. http://www.science-journal.kg
11. Сыргабаев С.Б. Мамлекеттүүлүктү жана жарандык иденттүүлүктү чыңдоодогу Кыргызстандык жаштардын көрөңгөсү. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», №10. - Бишкек, 2016. - 251-258-бб. http://www.science-journal.kg

**Рецензент: к.социол.н. Сыргыбаев С.Б.**